DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

*Тулкуева В.Т.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ҮЙ-БҮЛӨ ЖАНА ГЕНДЕР

*Тулкуева В.Т.*

# СЕМЬЯ И ГЕНДЕР В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

*V.T. Tulkueva*

# FAMILY AND GENDER IN THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 34.347.6*

*Кыргыз Республикасындагы үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктары жана анын катарында жубайлардын гендердик теңчилиги көйгөйлүү маселелердин бири болуп келет. Жарандардын гендерлик басмырланышы жана тен укуктуулуктун дагы деле болсо толук кандуу жүзөгө ашырылбай аткандыгы оорчундуу маселе. Ага мисал катары үй-бүлөдөгү укуктары тебеленген аялдар эле эмес, ошол эле учурда эркектер да дуушар болушууда. Аялдар маселесин коомчулукка жар салып, жардам сурай алса, эркектер намысынын айынан ичкинчиликке берилип, көчөдө селсаякка айланып аткан учурлары статистикада белгилүү. Биздин мамлекеттик мыйзамда каралса дагы, бирок элибиздин менталитетине жана улуттук каада-салтыбызга синип калган моралдык жүрүм-турумубуз мыйзамдын толук иштешине жол бербей атат десем жаңылышпайм. Үй-бүлөлүк жаңжалдан аял жапа чегип, укук коргоо органдарына кайрылат жана эртеси эле жолдошуна берген арызынан баш тартат. Бул да болсо укук коргоо органдарынын ишин аягына чыгаруусуна толугу менен тоскоолдук кылат жана басмырлоо ошол менен эле токтоп калбоосу көрүнүп турат. Бул макалада ушул көйгөйлөргө кайрылууну максаттадым.*

***Негизги сөздөр:*** *үй-бүлө, гендер, теңдик, укук, жубайлар, орган, ичкинчилик, эркек, аял, принцип.*

*Права членов семьи и гендерное равенство супругов в Кыргызской Республике являются одними из наиболее проблемных вопросов. Гендерная дискриминация граждан и тот факт, что еще не в полной мере реализуется равенство прав, является серьезной проблемой. В качестве примера можно привести не только женщин, чьи права в семье ущемляются, но и мужчин. В статистике известны случаи, когда женщины доводили до сведения общественности свои проблемы и обращались за помощью, а мужчины из-за своей чести впадали в ступор и превращались в бродяг на улице. Я не ошибусь, если скажу, что наше моральное поведение, хоть и предусмотрено государственным законом, но заложено в менталитете и национальных традициях нашего народа, препятствует полноценному функционированию закона. В результате семейно-бытового конфликта женщина пострадала, обратилась в правоохранительные органы и уже на следующий день отказалась от заявления на мужа. Это также полностью препятствует завершению работы правоохранительных органов, и очевидно, что на этом дискриминация не прекратится. Я стремлюсь решить эти проблемы в этой статье.*

***Ключевые слова:*** *семья, гендер, равенство, право, супруги, органы, пянство, мужчина, женщина, принцип.*

*The rights of family members and the gender equality of spouses in the Kyrgyz Republic are among the most problematic issues. Gender discrimination of citizens and the fact that equality of rights is not yet fully realized is a serious problem. As an example, we can cite not only women whose rights in the family are violated, but also men. In statistics, there are cases when women brought their problems to the attention of the public and asked for help, and men because of their honor fell into a stupor and pv tramps on the street. I will not be mistaken if I say that our moral behavior, although provided for by state law, but embedded in the mentality and national traditions of our people, prevents the full functioning of the law. As a result of a family and domestic conflict, the woman suffered, turned to law enforcement agencies and the next day refused to apply for her husband. It also completely prevents the completion of the work of law enforcement agencies, and it is obvious that discrimination will not stop there. I aim to solve these problems in this article.*

***Key words:*** *family, gende, diserimination, couples, authority, drancard, man, women, principle.*

Үй-бүлө жана гендер темасын талдоо үчүн гендер деген эмне жана үй-бүлө деген эмне экендигин ар бирин башка башка даана айрмалап алуу керек. Үй-бүлө бул деп – никеден, тууугандыктан, бала асырап алуу же балдарды тарбияга алуунун дагы башка түрлөрүнөн улам келип чыгуучу үй-бүлөлүк мамилелердин чыңдалышына жана өнүгүшүнө көмөк көрсөтүүгө кызмат кылуучу мүлктүк жана мүлктүк эмес жеке укуктар жана милдеттер менен байланышкан адамдардын чөйрөсү аталат.

Үй-бүлөлүк укуктук мамилени жөнгө салуу биринчи кезекте үй-бүлөнүн бекемдөө, өз ара сезимдердин жана бири-бирин сыйлоо бири-бирине жардам кылуу жана жоопкерчилик аркылуу үй-бүлөлүк мамилелерди түзүү, башкалардын үй бүлөлүк иштерге жана укуктук кызыкчылыктарын ишке ашырууга тоскоолдук кылуусуна жол бербөө болуп саналат [1].

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



А гендер деген эмне? Бул «ГЕНДЕР» термини англис тилинен алынып, социалдык жыныс дегенди түшүндүрүү менен психология жана социология илиминде кеңири колдонулуп, адамдын социалдык-орунтуктуу статусун билдирет. Башкача айтканда, ар жыныстагы адамдардын коомдо жана жашоодо, билим алууда, профессиялык ишмердүүлүгүндө бийликке баруусунда, ойлоосунда, өзүн коомдо алып жүрүүсүндө социалдык жүрүм-турумунда аял менен эркектин айырмачылыгын түшүнөбүз.

Аял менен эркектин мамилелерин бириктирүүчү үй-бүлө менен алардын укуктарын жана милдеттерин айырмалоочу гердерди байланыштыруунун зарылчылыгы эмнеде деген суроо пайда болот?

Гендер кыргыз үй-бүлөсүндө XX кылымдарга чейин орун албай келген. Гендердик теңчилик - ар башка жыныстагы адамдардын коомдогу бирдей социалдык абалы болуусу менен гендердик теңчиликти камсыз кылуу боюнча мамлекеттик саясаттын негиздери болуп төмөнкүлөр саналат.

1. Гендердик тең укуктуулукту камсыз кылуу үчүн ченемдик укуктук базаны түзүү, жакшыртуу жана өркүндөтүү.

2. Гендердик теңчиликке жетишүүгө багытталган маалыматтан үгүт жана насааттан коргоо

3. Гендердик тенчилик маданиятын тарбиялоо жана аны үгүттөө

4. Эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери менен ченемдерин ошондой эле Кыргыз Республикасында гендердик теңчилик маселелерине тийиштүү эл аралык милдеттенмелерин аткаруу.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында гендердик тенчилик толугу менен такталууда дегенден алысмын, бирок кандайдыр бир денгээлде сакталып турат деп айта алам, себеби азыркы учурда аялдар менен эркектердин укуктары толугу менен бирдей, тең укуктуу деп каралган.

Кыргыз үй-бүлө тарыхында алгач, шариаттын шарттары менен жашап, гендердик тенчилик деген түшүнүк төрт уктаса да түшкө кирбей турган заманда кыргыздар Орусияга кошулуп, укуктук жактан алдыга жылуу менен аялдардын укуктарына көбүрөк көнүл бөлүнгөнүн биз жакшы билебиз. Ошол эле учурда ливеранттык жоюлуп аял эркиндиктери жана укуктары кеңири пайдаланыла баштаганы да жашыруун эмес. Ал эми бүгүнкү күндөгү Кыргыз Республикасынын жаңы үй-бүлө мыйзамы Конституциялык адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо принциптерине таянып, жарандардын үй-бүлөлүк укуктарды ишке ашыруу жана коргоону камсыз кылууга багытталган. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасында адам укуктары боюнча мыйзамдуу күчүнө кирген жалпыга таандык эл аралык укуктун нормалары жана принциптери жана эл аралык келишимдер жана макулдашууларга ылайык адамдын негизги укуктары жана эркиндиктери таанылат жана кепилдендирилет [2].

Кыргыз Республикасындагы бул жана башка жоболор үй-бүлө мыйзамында өз чагылдырылуусун табат.

Алгач, Кыргыз Республикасынын үй-бүлө мыйзамында үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуучу эң принциптүү мааниге ээ жобо каралганын белгилеп кетүү керек [3]. Бул үй-бүлөлүк мамилелердеги ген-дердик теңдик принциби Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекемделген Кыргыз Республикасында аялдар менен эркектердин укуктарынын теңдигине ылайык, алар үй-бүлө мамилелеринде жеке жана мүлктүк бирдей укуктарга, ошондой эле аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ болуусу;

- Үй-бүлө мамилелериндеги гендердик теңчилик коом жана мамлекет тарабынан коргоого алынышы;
- Үй-бүлө мүчөлөрү жана алар менен бирге жашап жаткан адамдардын ортосундагы мамилелер гендердик теңчиликке, ошондой эле инсандын ар-намысы менен аброюн сыйлоо принциптерине негизделиши;
- Үй-бүлө мамилелеринде гендердик укукту кемсинтүүгө тыюу салынышы үй-бүлө мыйзамында аныкталган.
- Жубайлардын өз ара мамилеси ар кырдуу жана оор мүнөздү өзүнө камтыйт. Жубайлар өздөрүнүн биргелешип жашоосунда өз ара ар түрдүү мамилелерге кабылат. Жубайлардын ортосундагы болгон бардык эле мамилелер укуктук натыйжаларга алып келбейт. Ошентсе да укуктук норма жубайлардын мамилелерин жөнгө салат жана чектейт. Сөз жубайлардын жеке укуктары жана мүлктүк укуктары, милдеттери туурасында жүрүп жатат. Жубайлардын жеке укуктары жана мүлктүк укуктары, милдеттерин жөнгө салган укуктук нормалардын жыйындысы жубайлар ортосундагы никелик мамилени чагылдырат. Бул жубайлардын үй-бүлөдөгү теңдигинде жубайлардын ар бири иштин, кесиптин түрүн, бара турган жана жашай турган жерин эркин тандай алуусун;
- энелик, аталык, балдарга билим, тарбия берүү жана үй-бүлөнүн башка маселелери жубайлардын

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



теңдигинин принцибине таянып, жубайлар тарабынан чогуу чечилүүсүн;

- жубайлар үй-бүлөдөгү мамилелерин өз ара сыйлашуу менен жардамдашуунун негизинде түзүүгө, үй-бүлөнүн бейпилдигине жана чыңдалышына көмөктөшүү, өздөрүнүн балдарынын бакыбаттыгына жана өсүп жетилишине кам көрүү негизинде курууга милдеттүүлүгүн;
- жубайларга үйдөгү эмгекке карата бирдей милдет жүктөлөтлүшүн;
- жубайлардын бири-бирине карата гендердик басмырлоо жасашына жол берилбешин аныктайт. Ошондой эле нике келишимин түзгөндө, өзгөрткөндө жана бузганда кредиторлордун укуктарынын кепилдиктери боюнча жубай өз кредиторун (кредиторлорун) нике келишимин түзгөндүгү, өзгөрткөндүгү же бузгандыгы жөнүндө кабардар кылууга милдеттүү. Бул милдетти аткарбаганда жубай нике келишиминин мазмунуна карабастан өз милдеттенмелери боюнча жооп берүүсү;
- карыз болгон жубайдын кредитору (кредиторлору) Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинде белгиленген тартипте олуттуу өзгөрүлгөн жагдайларга байланыштуу экөөнүн ортосунда түзүлгөн келишимдин шарттарына өзгөртүү киргизүүнү же бузууну талап кылууга укуктуулугу да мыйзамда аныкталган [4].

Кыргызстан демократия жолу менен өнүгүүнү тандап алган өлкө. Ооба, биздин мамлекетте гендердик теңчиликти сактоо мыйзам менен бекитилип, башкаруу бийлигинде, парламентте айымдардын санын көбөйтүү чаралары көрүлүп, ал иш жүзүнө ашууда. Аялдар бардык тармакта жумуш жасап, эл башкарууда эркектерден кем калышпай турганын апрель революциясынын эртеси мамлекеттик башкарууну аял киши колуна алып, мыйзамдуу бийликти орноткону буга далил. Бирок мен бүгүн аялдардын карьерадагы орду эмес, үй-бүлөдөгү орду туурасында айткым келет.

Кыргызстандын азыркы абалы, ар бир кыргызстандыктын үй-бүлөсүнүн абалына окшош. Соңку жылдары биздин атуулдар мамлекеттеги абал, мыйзамдарды сактоодо жоопкерчилиги жок болгондой эле, үй-бүлөгө да кош көңүл мамиле жасоодо. Мыйзамда кыз ала качуу кылмыш деп көрсөтүп койсо да биздин салт деп, канга синип калганын кылып айрым жерлерде улануууда. Канчалаган келиндерибиз кайынжурт, жолдошу тарабынан укуктары тебеленип, күйөсү же анын тууганадары тарабынан ур-токмокко алынып, чыр чатакка көз жумулуп келүүдө. Статистикада укук коргоо органдары белгилегендей үй-бүлөдөгү чыр чатак боюнча кабар түшкөн учурда, жергиликтүү аймактык милиция кызматкерлери ошол үй-бүлөнү текшерүү үчүн барганда кайра эле арыз жазуудан баш тарткан аялдарды көрүп көнүлү ооруганын билдиришет [5]. Себеби алар эртенки балдарын жана үй-бүлөсүн сактап калуу максатында жаап жашырышып жүрө беришет.

Канчалаган келиндер күйөөсүн көр тириликтин айынан чет мамлекетте жашап, иштеп уюлдук байланыш аркылуу “талак” алып, укуктары корголбой, ажырашууда. Андай тагдырга туш болгон кыздардын эртеңки тагдыры бүдөмүк болуп, жашоого болгон үмүтү өчүп, психикалык жактан жабыркагандары бар. Турмуш курууда укуктары тебеленгени аз келгенсип, ажырашканда эч кандай укукка ээ эмес. Көпчүлүк учурда баласы болсо аны менен кошо көчөгө куулуп чыгат. Же күйөөдөн жок, же үйдөн жок болгон айрым келиндер балдарын жалгыз багат. Менин оюмда, кыздар сый-урматка татыганда гана улуттун, адамдын баалуулуктары, асыл сапаттары бааланат. Жакшы, бекем үй-бүлө курулуп, түптүү келечекке жол ачылат.

Статистикага кайрыла турган болсок бир гана кыз-келиндер эле эмес үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган эркектер деле бар. Эркек заты жаратылышынан намыстуу келгени үчүнбү, айтор өз көйгөйлөрүн ачык коомчулукка айта албай, ар кандай себептер менен селсаякка айланып ар жерде тентип жүрүшүүдө. Балким андай тагдырга туш болгонуна араккечтик себептир, балким үй-бүлөсүнө кордук көрсөткөндөн, же алдоонун айынан үйүнөн ажыраганы себептүү ошондой тагдырга туш болушкандыр. Жаныбарлар дүйнөсүндө күчтүүсү женет, алсызы жээлет дегендей үй-бүлөлүк турмушта да жубайлардын күчтүүсү үй-жайга ээ болуп, күчсүзү эч нерсеге ээ болбой калгандары да жок эмес. Мен бул сөзүм менен адамдарды жаныбарларга теңей албайм, бирок адамдар мүлк талашууда жаныбардан айрмабыз болбой калуучу учурлар кездешет.

**Адабияттар:**


1. Тулкуева В.Т. Үй-бүлө укугу. / Окуу-усулдук курал. - Ош, 2013.
2. Тулкуева В.Т. Үй-бүлө укугу. / Окуу-усулдук курал. - Ош, 2013.
3. Ташболотова А. Үй-бүлө укугу. / Окуу-усулдук колдонмо. - Ош, 2012.
4. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө Кодекси.
5. ИИМ “Бетме-бет” гезити №45. 56б. 2019-ж.